**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

722600, Кыргыз Республикасы, Нарын шаары, Ленин көчөсү 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

722600, Кыргызская Республика, город Нарын, ул. Ленина 74
E-mail: adm21@shailoo.gov.kg
Тел. (03522) 5-23-75

**22.11.2021-ж.** **Нарын шаары**

**Нарын аймактык шайлоо комиссиясынын**
**ЧЕЧИМИ №11**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №33 Нарын округунан талапкер А.Сариевдин округдук шайлоо комиссиясына 21.11.2021-ж. берген арызды кароо жөнүндө.**

**Катышкандар:** №33 Нарын округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Исмаилов, В.Качкымбаева – катчысы, мүчөлөрү: Т.Шербалиева, Т.Жапеков, С.Саадакеева, А.Сатыбекова, Р.Солтонкулова, М.Бугубаева, Б.Жакыпова, А.Алымбекова (онлайн), А.Исакова (онлайн). Нарын ОШКна коомдук уюмдардан катталган байкоочулар ___________________________________

Ошондой эле отурумга каралып жаткан материал боюнча тиешелүү тараптар катары талапкер А.Сариев жана талапкер У.Бакасовдун өкүлү Байгазиев Зарылбек катышты.

Талапкер А.Сариев У.Бакасов Куйбышев айылында айылдык клубда, жанында 100 метрден аз аралыкта бала бакчанын жайгашкан жерде эл менен жолугушуу өткөрдү деген мазмундагы 1 арызды берген.

Катышуучуларга Нарын округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы А.Исмаилов материал боюнча тааныштырды.

Нарын округдук шайлоо комиссиясы талкуулап КРнын ЖКне талапкер У.Бакасовдун Куйбышев айылында маданият үйүнүн алдында бала бакчадан 100 метр алыстыка жетпеген аралыкта шайлоочулар менен жолугушкандыгы үчүн КРнын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамынын 28-беренесине ылайык эскертүү берүүгө жатат деп жыйынтык чыгарды.

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 02-15/4702
«25» 11 2021 ж/г

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, Нарын окургдук шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкер У.Бакасовго Куйбышев айылында бала бакчанын жанында үгүт иш чарасын өткөргөндүгү үчүн КРнын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Конституциялык мыйзамынын 28-беренесине ылайык округдук шайлоо комиссиясы эскертүү бергени белгиленсин.

2. Бул чечим Борбордук шайлоо комиссиясына жиберилсин.

МАКУЛ - 12 КАРШЫ – 0.

**Округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы** (кол тамгасы) **А.Исмаилов** (Ф.А.А.)

**Округдук шайлоо комиссиясынын катчысы** (кол тамгасы) **В.Качкымбаева** (Ф.А.А.)

**Мүчөлөрү:**

**А.Алымбекова** | **С.Саадакеева**
**А.Сатыбекова** | **М.Бугубаева**
**Р.Солтонкулова** | **Т.Жанеков**
**Т.Шербалиева** | **Б.Жакыпова**
**Г.Сулайманова** | **А.Исакова**

**Жоопкер катары катышуучу өкүл:** **З.Байгазиев**

**Билдирүү берген катары катышуучу:** **А.Сариев**

Нарын РИСБнин
МУУ ...

А. Беркелбаев

**№33 Нарын шайлоо округдук комиссиясына**

кочурмосу: **Кыргыз Республикасынын**
**Борбордук шайлоо комиссиясына**

№33 Нарын шайлоо округу боюнча
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
депутаттыгына талапкер
Сариев Акылбек Аблабековичтен
тел. 0 555 515045

# АРЫЗ

№33 Нарын шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Улан Бакасов 2021-жылдын 19-ноябрында болжол менен саат 11-12де Нарын районунун Мин-Булак айыл аймагынын Куйбышев атындагы айылында шайлоого байланыштуу озунун угут иш-чарасын айылдык клубдун жанында 30-50гө жакын шайлоочунун катышуусунда жана ал жерде угут материалдарын таркатуу менен жургузду.

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-статьясынын 2-болугунун 2-абзацына ылайык ибадат кылуу имараттарына, курулмаларына жана аларга тиешелүү аймактарга, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана уюмдарга жакын жерлерде (аралыгы 100 метрден аз) үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга тыюу салган ченемдери айрым талапкерлер тарабынан бузулгандыгы жонунда билдирем. Анткени, Мин-Булак айыл аймагынын Куйбышев атындагы айылында У.Бакасов шайлоого байланыштуу угут иш-чарасын жургузгон жерден (айылдык клуб) 100 метрден алыс эмес аралыкта айылдык балдар бакча жана айылдык фельдшердик-акушердик пункт (ФАП) жайгашкандыгын белгилейм.

Жогоруда корсотулгон мыйзам бузуулар боюнча тиешелуу чара коруунуздорду отунов.

А. Сариев

2021-жылдын «20» ноябры